УДК 801.81:[378.016:61]

# РАЗВИТИЕ НАЦИОНАЛЬНОЙ ИДЕОЛОГИИ В МЕДИЦИНСКИХ ВУЗАХ

*С.К. Наралиева*

Рассматриваются проблемы, связанные с преподаванием и изучением основ национальной идеологии в медицинских учебных заведениях. Исследования национальных ценностей с медицинской точки зрения актуальны и являются требованием сегодняшнего дня. В связи с этим подходы к лечению в народной и современной доказательной медицине анализируются в сравнительном аспекте. Такие исследования проводятся в фармакогнозии, акушерстве и гинекологии и других направлениях медицины. Кроме того, одним из важнейших вопросов является медицинское изучение загадочного феномена манасчы, при этом рассматриваются исследования, восполняющие научный пробел в науке. Изучаются биохимические изменения в организме манасчы при сказании «Манаса» с учетом того, что сказительское искусство манасчы передается из поколения в поколение.

*Ключевые слова:* национальная идеология; национальное сознание; духовное развитие; феномен; национальные ценности.

# МЕДИЦИНАЛЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ

*С.К. Наралиева*

Макалада медициналык окуу жайларда улуттук идеологияга керектүү негиздерди окутуп-изилдөө маселеси каралат. Улуттук баалуулуктарга медициналык ракурстан илимий изилдөө жүргүзүү – бүгүнкү күндүн талабы. Ошондуктан элдик медицина бүгүнкү далилдүү медицина менен салыштырылып, талдоого алынат. Мындай изилдөөлөр медицинанын фармакогнозия, акушерлик жана гинекология ж. б. тармактары боюнча жүргүзүлгөн. Мындан сырткары, манасчылык феноменди медициналык жактан изилдөө актуалдуу маселелердин бири. Сырдуу манасчы феноменин изилдөөдө илимий боштукту толуктаган медициналык изилдөөлөр көрсөтүлөт. Манасчынын «Манас» айтууда организминдеги биохимиялык өзгөрүүлөрү изилденип, манасчылык өнөрдүн муундан-муунга өтүп жаткандыгы түшүндүрүлөт.

*Түйүндүү сөздөр:* улуттук идеология; улуттук аң-сезим; руханий өнүгүү; феномен; улуттук баалуулук.

# DEVELOPMENT OF NATIONAL IDEOLOGY IN MEDICAL UNIVERSITIES

*S.K. Naralieva*

The article concerns the problem of teaching and study of the national ideology foundations in the medical universities. The research of national values from a medical point of view is a requirement today. In this regard, approaches to treatment in traditional and modern evidence-based medicine are analyzed in a comparative aspect. Such researches are carried out in pharmacognosy, obstetrics and gynecology, and other areas of medicine. In addition, one of the most important issue is the medical study of the phenomenon of manaschi, while studies are being considered that fill the scientific gap in science. The biochemical changes in the organism of the manaschy are studied during the legend of «Manas», and it is explained that the art of the «storyteller-manaschy» is passed down from generation to generation.

*Keywords:* national ideology; national consciousness; spiritual development; phenomenon; national values.

Идеология – көз караштардын жана идеялардын системасы, саясий, укуктук, диний, адабий, философиялык жана башка көз караштардын, түшүнүктөрдүн жыйындысы, системасы. Демек, мамлекеттин улуттук аң-сезими, абийири жана ар-намысы. Ал эми улуттук аң-сезим – адамдардын өздөрүн белгилүү бир улутка, этностук топко тиешелүүлүгүнүн түшүнүүсү [1]. Дал ушул өңүттөн алып караганда, мамлекеттүүлүктүн бүтүндүгү жана аны ар тараптан чыңдоо, улуттук маданиятты өнүктүрүү улуттук моделге таянуу менен ишке ашырылышы зарыл. Мында улуттук тил (кыргыз тили) негизги курал катары колдонулууга тийиш. Себеби, улуттун улуттугун, мамлекеттин мамлекеттүүлүгүн сактоонун негизги өзөгү – тил болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» № 1 жарлыгы дал ушул максатты ишке ашырууну көздөйт.

Аталган жарлык Кыргызстандагы бардык окуу жайлар, жарандар үчүн кубанычтуу таберик. Себеби инсандын руханий өнүгүүсү таза абадай керек болуп турганда, аны улуттук моделге таянуу менен өнүктүрүүдө тарых чоң жардам берет.

Енисей жазмасы кыргыздардыкы экендиги, кыргыздар улуу держава түзгөндүгү, тарыхы өтө терең экендиги жөнүндөгү Н.А. Баскаковдун узун сабак сөзүн уккан академик С.Ж. Мусаевдин айтканына таянсак, кыргыз тарыхы дүйнөлүк тарыхтардын улуусу [2]. Бирок ааламдашуу доорунда бифуркациялык чекитке келгенибизди (өткөндүн келечекке таасир этпей калышын) эске алып, идеологиялык факторду изилдөө менен кыргыз элинин пансофиясын (акылмандык жыйындысын) жайылтууга милдеттүүбүз [3]. Ушуга байланыштуу ар бир окуу жай өзүнүн багытына жараша илимий изилдөөлөрдү, иш-чараларды, улуттук баалуулуктарга басым жасоо менен уюштурушу зарыл.

Жогорку медициналык окуу жайлардын ичинен эң алдыңкы орунда турган Иса Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академия мамлекеттик тилдеги ар кандай иш-чараларды, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө улуттук баалуулуктарды, каада-салтты, маданиятыбызды өнүктүрүүнү жана жайылтууну медициналык ракурстан кароону көздөйт. Мындай принцип билим берүү системасынын тармагында системалуу колдонулууга тийиш. Анткени мамлекеттик тил (кыргыз тили) – илимдин тили боло алат. Себеби “медицинаны кыргызча кылуу мүмкүн эмес” деген түркөй ойду жокко чыгарган иштер жасалууда. Буга Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын кафедра кызматкерлери тарабынан мамлекеттик тилде чыгарылган окуу куралдары, жарыяланган илимий макалалары, дипломго чейинки жана дипломдон кийинки урология жана андрология кафедрасынын окутуучулары: Ж.С. Мырзалиев, А. Дүйшөналиев, А.Д. Абдрасулов **кандидаттык диссертацияларын мамлекеттик тилде жакташканы** далил. Медицинанын башка багыттары боюнча да кандидаттык иштер даярдалууда.

Кыргыз тарыхында кыргыз тили мыйзамдын да тили боло аларын юридикалык эң жогорку күчкө ээ болгон Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2021-жылы мамлекеттик тилде жазылышы тастыктады.

Аталган иштердин аткарылышын руханий жаңылануунун көрүнүшү катары баалоого болот. Албетте, билим берүү тармагында руханий жаңылануунун булагы катары “Манас” эпосу – бардык илимдерге азык катары пайдаланылыш керек. Анткени “Манас” оозеки айтылган эл тарыхы гана эмес, кыргыздарга таандык акыл-эс байлыгынын казынасы, укканы менен билгенинин тажрыйбасында иштеп чыккан жыйындысы.

Тилекке каршы, “Манастын” маселелери негизинен фольклордук илим багытында гана изилденген. Ошондуктан эпосту комплексттик негизде илимий жактан ар тараптуу жайылтуу, калктын руханий, көркөм табитине ылайык пайдалануу жана кийинки муунга кеңири жеткирүү зарыл. «Манас» – өзүбүзгө өзүбүздү тааныткан улуу дөөлөт. «Манас» аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. Ал ар бир урпак үчүн – руханий кубат» [4].

Эпосто медицинанын көп багыттары кезигет. Анда элдик медицинанын фармациялык, гинекологиялык, педиатриялык, травматологиялык, хирургиялык, терапиялык түшүнүктөрү

камтылган. Мындай элдик медициналык ыкмаларды, түшүнүктөрдү бүгүнкү менен салыштырып изилдөө далилдүү кыргыз медицинасынын милдети.

Медициналык окуу жайларда студенттер «Манас» эпосу аркылуу кыргыз элдик медицинасын, анын фукционалдык милдеттерин, сырдуу диний-эмпирикалык аспектин жана кыргыздар дарт аныктоону, аны дарылоону кандайча ишке ашырып келгендигин, дары каражаттарынын жаныбарлардан жана минералдык заттардан кандайча жасалгандыгын, элдик хирургияны (эпостогу хирургиялык аспаптарды), климатотерапия, фитотерапия, органотерапияны (жаныбарлардын мүчөлөрүнөн даярдалган дарылар менен дарылоону), психотерапия же сөз менен дарылоону, улуттук оюндарды жана алардын саламаттыкты сактоодогу маанисин окуп үйрөнөт жана изилдейт.

4-декабрь «Манас» эпосунун күнүн белгилөөгө карата 2019-жылдын 3-декабрында И.К. Ахунбаев атындагы КММАда бир жолу «Манас» – бардык илимдин булагы» аталышындагы илимий-тажрыйбалык конференция болуп өткөн. Конференция катышуучулары медакадемиянын кафедра окутуучулары жана профессорлору болуп, алар «Манас» эпосунан медицинанын хирургия, фармакогнозия, акушерлик жана гинекология, травматология жана башка багыттары, философия жана кыргыз тили боюнча изилдөө иштерин жүргүзүшкөн.

Бүгүнкү күндө улуттук уюткудан дары каражаттарын изилдөө, илимий жактан ага баа берүү фармакогнозиянын негизги милдеттеринин бири. “Манас” эпосунда кыргыздар колдонуп келген дары өсүмдүктөрүнүн бир канча түрү кездешет. Албетте, ал дары чөптөрдүн пайдалуу-зыяндуу жана колдонуу жактары фармакогнозия жана дары каражаттарынын химиясы кафедрасынын адистери тарабынан изилденип жарыяланууда.

Мындан сырткары, бул кафедра кыргыз бренди болгон курутка йод кошуу технологиясын иштеп чыгуу менен йод жетишсиздигине каршы күрөшүү максатында төмөнкүдөй жыйынтык чыгарган:

- Кыргызстан эндемикалык аймакка киргендиктен, йод талабы жогору;
- бир күндүк норма 5–10 г түзөт;
- йод жетишсиздигинин алдын алуу максатында колдонулган дары каражаттарынын ордуна йоддолгон кыргыз курутун колдонуу;
- курутту табигый биологиялык активдүү кошулма катары адамдарга сунуштоо керек [5].

Дегеле элдик медицина салттуу медицинанын пайдубалын түзгөн. Бирок элдик медицинага таандык илимий эмгектер жокко эсе.

Кыргыздарда кош бойлуу аялдарды төрөтүүдө «бүбү же табыптар» негизги төрөтүүчү катары эсептелген. Демек, акушерлик-медицинадагы эң байыркы тармак. Учурда Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун “эркин төрөт” деп аталган принциби бар. Бул принцип «Манастагы»:

«…Тогуз ай, тогуз күн болуп,  
Толгоо жаңы киргени  
Бейшемби кечи түн болуп...  
Акбоздон бээ союлду,  
***Алтындан бакан*** коюлду», же дагы бир саптагы:

«… Бала катуу чиреди,  
Байбиче ***бакан тиреди***  
***Баканды кармап*** бакырды…», – деген саптарынан кыргыздарда *аялды бакан карматып, тик абалда төрөтүүсү* учурдагы «эркин төрөтүү» принциби менен дал келет деп айтууга болот. Ошондой эле төрөттө кан агуудан же кан басымынын көтөрүлүшүнөн улам (гипертензиядан) тырышуу же карышып калуу (преэклампсия – эклампсия) эпосто төмөнкүдөй берилген:

«…Эркек экен дегенде  
Эси кетип, Чыйырды  
Жыгылып кетти сороюп.  
Байбичеге нетти деп,  
***Мартуу* басып кетти*** деп…  
Катындын баары чочуду...» [6]. «Мартуу» – аялдын төрөт учурунда эси ооп калышы, деп түшүндүрүлөт. Демек, бүгүнкү акушерликтеги «преэклампсия – эклампсия» терминин *«мартуу басуу»* деп колдонууга болот [7].

Жогоруда № 1 акушерлик жана гинекология кафедрасынын профессору М.С. Мусуралиев «Манас» эпосунан «эркин төрөт», *«бала менен эненин байланышы»* принцибин жана айрым медициналык терминдерди изилдөөгө алса, № 2 акушерлик жана гинекология кафедрасынын

Таблица 1 – Манасчылардын жана угуучулардын организминдеги биохимиялык өзгөрүүлөр [9]

| Топтор | Тажрыйбага чейинки кандагы глюкозанын деңгээли, ммоль/л | Тажрыйбадан кийинки кандагы глюкозанын деңгээли, ммоль/л | Тажрыйбага чейинки кан басымы, жүрөктүн согуусу | Тажрыйбадан кийинки кан басымы, жүрөктүн согуусу |
|---|---|---|---|---|
| Манасчы Калыбек уулу Нурбек | 5 | 5,3 | 125/80 88 | 143/87 105 |
| А угуучулар тобу | 4 | 5 | 124/80 73 | 130/97 76 |
| В угуучулар тобу | 5,1 | 5,6 | 127/88 62 | 131/94 74 |
| С угуучулар тобу | 4,9 | 5,5. | 118/101 62 | 123/103 79 |

окутуучусу Г.Ж. Жолдошбекова Манастын төрөлүшүнө төмөнкүдөй акушерлик изилдөө жүргүзгөн.

«… Толгоосу эми толду деп,
Эртеңки күнү бейшемби
Туур күнү болду деп,
Жети күн тартты толгоону…», – деген саптардан төрөттүн башталышын аныктап, мында адис оору баянына төмөнкүлөрдү жазат:

Бейшембиде башталган жалган толгоолор кийинки бейшембиге чейин уланып, 41-жумадан 42-жумага өткөн. “Кош бойлуулуктун 42-жумасы. Кечиккен төрөттүн биринчи мезгили”, – деп көрсөтсө. «… *Он бештеги баладай Көтөргөндө салмагы…*», – деген саптардан жаңы төрөлгөн баланын салмагы боюнча акушерлик жактан корутунду дарт атын *“Биринчи кечиккен төрөт (42-жума). Гиганттык ымыркай”*, – деп аныктайт [8]. Демек, жогорудагыларга таянып, «Манас» эпосун этноакушерликтин негизи катары кароого толук негиз бар.

Мындан сырткары, эс-тутумуна эбегейсиз тарых издерин сыйдырып, оозеки сактап келген манасчы феноменин медициналык жактан изилдөө иштери А. Джумалиев атындагы *жалпы жана биоорганикалык химия курсу менен биохимия кафедрасынын кызматкерлери* тарабынан жыл сайын жүргүзүлүп келет. Бул адистер далилденген фактыларга таянып, манасчылык өнөр, үй-бүлөнүн эркек багыты боюнча укумдан-тукумга берилерин тастыктайт.

Алар “Манас” айтып жаткан учурда манасчылардын жана угуучулардын организминде ар кандай биохимиялык өзгөрүүлөр жүрөрүн айтат (таблица 1). Буга чейин кандагы глюкоза аныкталса, бул кафедра окутуучулары жана студенттер кан басымындагы жана жүрөктүн согушундагы өзгөрүүлөрдү изилдешкен.

**Адистердин корутундусу.** «Манас» айтууга чейинки абалга караганда, «Манас» айтылгандан кийинки абалда манасчылардын да, угуучулардын да канында глюкозанын саны, ошондой эле кан басымы, жүрөктүн согушу да жогорулаган. Буга эмоционалдык гормон адреналиндин жогорулашы себеп болгон.

«Манас» эпосун 14 саат 27 минут тынымсыз айткан манасчыдан кан анализи (ОАК) алынып, кандагы биохимиялык өзгөрүүлөргө анализ жасалган. Бул изилдөө боюнча адистер төмөнкүдөй *илимий тыянак чыгарышкан:*

1. Кортизол иммундук системанын көтөрүлүшүнө жолтоо болгон жок.
2. Кайрадан алар бири бирине синергист (көмөктөш) болушту, коргонуу-ылайыкташуу функциясын күчөттү.
3. Курч стресс учурунда, анаэробдук кычкылдануу күчөп, сүт кислотасынын саны көбөйүп кеткен.
4. Ак кан денечелери (лейкоциттер) көбөйүп, организмдин коргонуу күчүн активдештирди.
5. Кортизол, артериялык басымды нормада кармап турду.
6. Патологиясы бар организм мындай өзгөрүүлөргө туруштук бере албайт [10].

Демек, «Манас» айтуу учурунда манасчынын организминдеги өзгөрүүлөр медицинанын тиешелүү багыттары боюнча ар тараптан изилденүүгө муктаж. Мындай изилдөөлөргө колдоо көрсөтүүнүн мамлекеттик деңгээлде ишке ашырылышы жана изилдөөлөрдүн башка тилдерде да жарыяланышы улуттук идеологиянын түптөлүшүнө өбөлгө түзөт.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын буйругуна ылайык, К. Карасаевдин 120 жылдыгына карата К. Карасаевдин «Накыл сөздөрүндөгү» медициналык түшүнүктөргө илимий изилдөө жүргүзүлдү. «Орфографиялык сөздүгүндөгү» жалпы 60 миң сөздүн ичинен 418 медициналык атоолор (терминдер) медициналык багытта талкууланды жана сөздүктөгү кээ бир оору аталыштары башка илимий булактардан табылбаганы аныкталды [11].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тарыхы, С. Раевдин айтымында, улуттук идеологияга зарыл негиздерди алда качан түптөп койгон. Жогорудагы медициналык илимий изилдөөлөр улам толукталып кийинки муунга толук жана кеңири жеткирилиши керек.

***Адабияттар***


1. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 1–2-китеп / Бишкек: Полиграфбумресурсы, 2019.
2. *Мусаев С.Ж.* Байыркы бабалардын изи менен же Монголия кайрыктары / С.Ж. Мусаев. URL: https://www.bbc.com/kyrgyz/blog-40812403 (дата обращения: 29.06.2021).
3. *Ормонов Т.* Педагогическая «пансофия» киргизского народа / Т. Ормонов // Советская педагогика. 1978. № 1.
4. *Айтматов Ч.* Кумурадан чыккан баш сөөгү же түрктөр тарыхына көз караш / Ч. Айтматов // Ала-Тоо. 1996. № 3.
5. *Турдакунов М.* Сүт азыктарына кирген улуттук кыргыз курутун йоддоо технологиясын иштеп чыгаруу / М. Турдакунов, А. Мураталиева // Кыргыз мамлекеттик медициналык академиянын жарчысы. № 5–6: сб. материалов Международного научного форума “Дни науки-2020”. Бишкек, 2020.
6. *Мусуралиев М.С.* “Манас” эпосу – акушерлик илим булагы / М.С. Мусуралиев // Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жарчысы. № 5–6: сб. материалов Международного научного форума “Дни науки-2020”. Бишкек, 2020.
7. *Жакыпбеков К.* Орусча-кыргызча медициналык сөздүк / К. Жакыпбеков, Э. Токтомамбетов. Бишкек, 2014.
8. *Жолдошбекова Г.* Манастын төрөлүшү акушерлик көз-караш менен / Г. Жолдошбекова // Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жарчысы. № 5–6: сб. материалов Международного научного форума “Дни науки-2020”. Бишкек, 2020.
9. *Баатырова Н.* Манасчы бабалардын эпигентикалык мурасы / Н. Баатырова, Б. Дюшеева, Ж. Махмудова // Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жарчысы. № 5–6: сб. материалов Международного научного форума “Дни науки-2020”. Бишкек, 2020.
10. *Дюшеева Б.* “Манас” айтуу касиетиндеги өзгөрүүлөр / Б. Дюшеева, Н. Баатырова, Ж. Махмудова, Н. Акынбекова // Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жарчысы. № 5–6: сб. материалов Международного научного форума “Дни науки-2020”. Бишкек, 2020.
11. *Шайжигитова Б.* Орфографиялык сөздүктөгү медициналык терминдер / Б. Шайжигитова // Вестник КНУ. 2020. № 4.